**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.11.023 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК.371.3: 681.518**

ИБРАЕВ АЛМАЗБЕК ДҮЙШӨКОВИЧ

# ЖАҢЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ (ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИНИН МИСАЛЫНДА)

13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын
жана билим берүүнүн тарыхы

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек − 2012**

Диссертациялык иш К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинин «Инженердик педагогика жана психология» кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, доцент
**Калдыбаев Салидин Кадыркулович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Болжурова Ишенгуль Садыковна**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
**Орускулов Тимур Раевич**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек шаары, Манас проспектиси, 27.

Диссертация 2012 - жылдын «06» январында саат 15:00 дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д. 13.11.023. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат 2011-жылдын «06» декабрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, доцент **Чоров М.Ж.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, жаңы коомдун талабына шайкеш келген адистерди тарбиялоо жана даярдоо проблемалары бүгүнкү күндө курч мүнөзгө ээ болууда. Бул проблемаларды чечүүгө карата мамлекет тарабынан бир кыйла маанилүү документтер кабыл алынды. 2007-жылдын июнь айында кабыл алынган «2017-жылга чейин жогорку профессионалдык билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясында» жогорку профессионалдык билим берүү системасы мамлекеттин экономикалык өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү боло ала тургандыгы баса белгиленген. Жогорку профессионалдык билим берүү системасына коюлуучу мындай милдет анын кеңири реформаланышын талап кылат. Ал эми билим берүүнү реформалоо аны Болон процессинин талаптарына ылайыктоо, дүйнөлүк стандартка интеграциялоо максатын дагы көздөйт.

Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу зарылдыгы жогорку окуу жайларынын пайда болушунан бери белгиленип келе жаткан болсо, XX-кылымдын 60-жылдарынан тартып илимий проблема катары күчөтүлгөн мүнөзгө ээ боло баштаган. Бул проблемаларды изилдөөдө В.К.Буряк, В.М.Вергасов, Л.Г.Вяткин, В.Е.Голунова, Н.П.Ерастов, Б.П.Есипов, В.Я.Звездин, В.А.Козаков, В.С.Листенгартен, А.С.Лында, П.И.Пидкасистый, И.В.Сечкина, А.В.Соловов, Г.И. Щукина жана башка окумуштуулар чоң салым кошушкан.

Студенттердин өз алдынча иштерин өркүндөтүү маселелери Кыргызстандын окумуштууларынын дагы изилдөө объектиси катары каралып келет. Физика предмети боюнча өз алдынча ишти уюштуруу боюнча М.К.Койчуманов илимий эмгегин жараткан. Студенттердин өз алдынча иштерин проектирлөө, аларды ийгиликтүү уюштуруунун жолдорун аныктоо маселелерин изилдөөнүн натыйжасында М.К.Асаналиев кандидаттык, андан кийин докторлук диссертациясын жактаган. Өз алдынча ишти өркүндөтүүнүн механизми катарында маалыматтык технологиянын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий жактан негиздөө маселелерине Г.Д.Панкованын докторлук диссертациясы арналган. Өз алдынча ишти уюштуруунун айрым бир аспектилерин белгилөө, билим берүүнүн стандартын түзүү жана болочок адистердин компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелери тууралуу Н.А.Асипова, И.Б.Бекбоев, А.М.Мамытов, Э.М.Мамбетакунов, Д.У.Байсалов, И.С.Болжурова, А.А.Атакеева, Т.Б.Атанаев, В.Л.Ким, Л.П.Мирошниченко, А.К.Наркозиев, М.А.Ногаев, Т.Р.Орускулов, Н.Н.Палагина, Т.Т.Турсуналиев, В.К.Янцен, ж.б. изилдөө жүргүзүшкөн.

Азыркы учурда Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларында интернет технологиясын эркин колдонууга кенен шарт түзүлгөн. Айрым окуу жайларында маалымат борборлору ачылып, ал жактарда маалымат технологиясынын жаңы мүмкүнчүлүктөрү изилденип, аларды окуу процессинде колдонуу маселеси коюлууда. Андан сырткары өздөрүнүн шарттарына ылайык келе турган программалык камсыздоолорду иштеп чыгуу иштери дагы практикаланууда.

Студенттердин өз алдынча билим алуусуна, өз алдынча иштерди аткаруусуна жаңы маалыматтык технологиялардын тийгизүүчү таасири зор. Компьютердик технологияларды пайдаланууда студенттердин өз алдынча иштерин кызыгуу менен аткаруусуна өбөлгө түзүлөт. Окуу процессинде Интернет түйүндөрүн пайдалануу аркылуу мугалим менен студенттин ортосунда аралыктагы үзгүлтүксүз байланыш ишке ашырылат.

Республикабыздын жогорку окуу жайларында студенттерге жаңы маалыматтык технологияларды өздөштүрүү үчүн толук шарттардын түзүлбөгөндүгү, Интернет булактары аркылуу маалыматтарды алып өз алдынча иштерди аткаруусуна окутуучулар тарабынан толук көңүл бурулбай жаткандыгы, бул иш дагы эле болсо традициялуу тартипте уюштурулуп жаткандыгы билим берүү системасындагы орчундуу көйгөйлөрдөн болуп эсептелет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде биз төмөнкүдөй карама-каршылыктардын бар экендигин байкадык:

- жогорку квалификациялуу адистерге болгон коомдун талабы менен жогорку окуу жайлардын аларды даярдоодогу кемчиликтери;
- өз алдынча иште жаңы маалыматтык технологияларды толук пайдалануу зарылдыгы менен бул маселенин илимий жана методикалык жактан жеткиликтүү чечилбегендиги;
- жаңы маалыматтык технология менен иштөө практикасынын социалдык чөйрөдө кенен жайылтылышы менен студенттердин өз алдынча иштеринде бул практиканын чагылдырылбашы.

Ушул карама-каршылыктарды жоюуга карата илимий, жаңы билимдин жоктугу илимий ишибиздин проблемалуулугун аныктап турат. Бул проблеманын актуалдуулугу, улам тереңдеп баратышы, маселени чечүүгө жооп издөө, бул маселенин теориялык жана практикалык жактан баалуулугу биздин изилдөөбүздүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар (проектилер) жана илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш «Генетика жана биотехнология» курстарын окутуу боюнча Кыргыз улуттук агрардык университетининде компьютердик окутуучу программаларды иштеп чыгуу» илимий - изилдөө темасы

боюнча К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин илимий изилдөө иштеринин планы менен байланышта (2011 – 2013 жж.).

**Изилдөөнүн максаты.** Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияны пайдаланууну теориялык жактан негиздөө жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун проблемаларын, ролун жана ордун иликтөө.
2. Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияны пайдалануунун педагогикалык шарттарын аныктоо.
3. WEB технологиясын студенттердин өз алдынча иштеринде колдонуунун методикасын иштеп чыгуу.
4. Информатика предмети боюнча электрондук окуу курстарын студенттердин өз алдынча иштеринде колдонуунун технологиясын иштеп чыгуу.
5. Өз алдынча иште жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

- студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруудагы жаңы маалыматтык технологиялардын ээлеген орду жана ролу такталды;
- студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды эффективдүү түрдө колдонуунун уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттары аныкталды;
- студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата талаптар жана өз алдынча иштин натыйжалуугун баалоого карата критерийлер иштелип чыкты;
- информатика предмети боюнча студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун методикасы жана аларды түзүүнүн технологиясы иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды (Web технология, электрондук окуу комплекстери) түзүүнүн жана колдонуунун методикасы, иштелип чыккан жумушчу программалар окуу процесинин эффективдүүлүгүн арттырууга, студенттердин өз алдынчалуулугун калыптандырууга мүмкүндүк түзөт. Автор тарабынан иштелип чыккан информатика боюнча электрондук окуу комплекс жана билим берүү сайты окуу процессинде ийгиликтүү пайдаланылууда. Изилдөөдө аныкталган уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттар студенттерге сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

1. Жаңы маалыматтык технологияны колдонуунун шартында уюштурулуучу студенттердин өз алдынча иштеринин компоненттери.

2. Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонууга карата уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттары.

3. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата Web технологияларын түзүүнүн жана ишке ашыруунун методикасы.

4. Студенттердин өз алдынча иштери үчүн электрондук окутуу каражаттарын түзүүнүн технологиясы.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын окуу процессинде студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун орду жана ролу аныкталган.
- Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары аныкталган.
- Информатика предмети боюнча окуу методикалык Web - түйүндөрүн түзүүнүн жана аларды студенттердин өз алдынча иштеринде колдонуунун методикасы иштелип чыккан.
- Информатика предмети боюнча студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу үчүн электрондук окуу курстары иштелип чыккан жана аларды окуу практикасында пайдалануунун технологиясы түзүлүп чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы жана жайылтылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөгү илимий – практикалык конференцияларында апробацияланган.

Изилдөөнүн базасы болуп К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.**

Изилдөө бир нече этаптардан туруп аларды ишке ашырууда төмөнкүлөр аныкталган: Жаңы маалыматтык технологияны колдонуунун шартында уюштурулуучу студенттердин өз алдынча иштеринин компоненттери, уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттары, Web технологияларын түзүүнүн жана ишке ашыруунун методикасы ошондой эле электрондук окутуу каражаттарын түзүүнүн технологиясы.

Изилдөөнүн темасына байланышкан эл аралык жана Республикалык басылмаларда 15 илимий – методикалык эмгектер жарыяланган.

**Илимий иштин түзүлүшү:** Диссертация киришүүдөн, эки бөлүмдөн, жыйынтык, адабияттардын тизмегинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин жалпы көлөмү 184 бет компьютердик тексттен турат. 163 аталыштагы адабияттарды өзүнө камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө,** тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы жана практикалык баалуулуктары, жактоого алынып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы, жайылтылышы, илимий иштин түзүлүшү келтирилген.

**Биринчи бөлүм** «Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун теориялык маселелери» деп аталып, мында Кыргызстандын жогорку окуу жайларында маалыматтык коммуникациялык технологияларды студенттердин өз алдынча иштеринде пайдалануунун абалы, студенттердин өз алдынча иши тууралуу түшүнүк талкууланып, студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун структуралык элементтери жана өз алдынча ишти ийгиликтүү уюштурууга карата педагогикалык шарттар аныкталды. Окуу процессинде жаңы маалыматтык технологияны пайдалануунун теориялык жана практикалык маселелерин талдоодо, алардын студенттердин өз алдынча иштерине пайдаланылышы үчүн төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөргө ээ экендиги аныкталды:

- жаңы маалыматтык технологиялардын жардамы менен тандалып алынган дисциплина боюнча, өздөрүнө ыңгайлуу убакыттарда, ыңгайлуу жерлерде тиешелүү маалыматтарды, билимдерди студенттер ала алышат;
- өз алдынча иштерди аткарууда студенттерге коюлуучу традициялык талаптардан айырмаланган жаңы талаптар пайда болуп, аларды аткарууда жана коюлган проблемаларды чечүүдө өзгөчө карым катнаштар түзүлөт;
- жаңы маалыматтык технологиялар аркылуу окутуучу студенттердин өз алдынча иштерди аткарууларына ыңгайлуу шарт түзүп бере алат жана үзгүлтүксүз түрдө көзөмөлдөй алат. Бул учурда окутуучунун таасир этүүчү, башкаруучу ролу жогоруламакчы.

Орус окумуштуулары Б.П.Есипов, О.А.Козырева, П.И.Пидкасистый, Е.С.Полат өз алдынча ишти студенттердин таанып билүү ишмердүүлүктөрүн уюштуруунун формасы катары аныкташкан. Б.П.Есиповдун көз карашы боюнча өз алдынча иш – бул окуучулардын өз

алдынча ойлору, алардын акыл эси менен физикалык аракеттеринин биригиши. Ал эми В.Граф, И.И.Ильясов, В.Я.Ляудис өз алдынча ишти педагогикалык шарттарды уюштуруунун системасы катары аныкташкан. П.И.Пидкасистый, М.Г.Гарунов өз алдынча ишти ишмердүүлүктү уюштуруунун жана башкаруунун спецификалык педагогикалык каражаты катары санашат.

А.В. Усова жана А.А. Бобров өз алдынча ишти окуу ишмердүүлүгүнүн бир формасы катары карашкан, аны ишке ашыруу үчүн таанып билүүчүлүк, практикалык, уюштуруучулук, өзүн-өзү контролдоочулук жана баалоочулук билгичтиктери зарыл экендигин белгилешкен.

Г.Д.Панкова студенттердин өз алдынча иштерин окуу ишмердүүлүктүн бир түрү катары карайт.

Студенттердин өз алдынча иштери жогорку окуу жайындагы окуу-тарбиялык иштердин маанилүү компоненти деп белгилейт М.К.Асаналиев.

Өз алдынча иш көп кырдуу, көп багыттуу, көп формалуу көптөгөн уюштуруучулук иштерди талап кылат, ошол себептен өз алдынча ишти педагогикалык система катары кароого болот. Педагогикалык система катары студенттердин өз алдынча иштери өзүнө төмөнкү компоненттерди камтыйт:

- *Студенттердин өз алдынча иштеринин максаты.* Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууну окуу ишмердүүлүгү катары кароодо бул ишмердүүлүк төмөнкүдөй негизги эки максатты көздөгөнүн байкого болот: 1) студенттердин өз алдынчалуулуктарын өнүктүрүү; 2) өз алдынча аракеттерде жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен студенттердин предметтик билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандыруу;
- *Студенттердин өз алдынча иштеринин мазмуну.* Бул студенттердин өз алдынча иштөө системасындагы өзүнө окутуунун методикасын жана принциптерин камтып турган, окуу - материалдык базаны, окуу-методикалык көрсөтмөлөрдү, куралдарды пайдаланууну шартточу маанилүү составдык бөлүк болуп саналат. Мазмун коюлган максатка байланыштуу болот. Окуу предмети боюнча студенттердин өз алдынча иштеринин мазмуну окутуунун илимийлүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, активдүүлүк жана индивидуалдуулук принциптерин жетекчиликке алуу менен ишке ашырылат;
- *Өз алдынча ишти аткаруунун методдору* окуу материалынын мазмунун өздөштүрүүгө жана максатка жетүүгө карата ылайыктуу ыкмаларды тандап алуу аркылуу ишке ашат;

- *Өз алдынча иштөөнүн каражаттары.* Колдонулуп жаткан методдорго жакын мүнөздөгү окутуу каражаттарынан болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- материалдык: сунушталуучу педагогикалык программдык каражаттар (ППК), автоматташтырылган окутуу системалары (АОС), компьютердик тринажерлор, маалымат-сөздүк системалар;

- идеалдык: телекоммуникациалык жана гипертексттик каражаттар;

- *Өз алдынча иштин формалары.* Окутуунун формалары катары эле өз алдынча ишти аткаруунун дагы жекече, фронталдык, группалык, коллективдүү формалары пайдаланылат;
- *Процесс.* Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен студенттер ар кандай деңгээлдеги анимацияларды иштеп чыгышат, процесстерди автоматташтырат. Аларды аткарууда Интернет булактары аркылуу, компьютердин программалык, инструиенталдык каражаттарын пайдаланат;
- *Мотивациялык сфераны өнүктүрүү.* Жаңы маалыматтык технология студенттин ички мотивин калыптандырууга жана өнүктүрүүгө зор пайдасын тийгизет. Ал эми мотивациянын калыптанышы студенттин келечекте профессионалдык адис катары калыптанышына өбөлгө түзөт;
- *Өзүн-өзү уюштуруу билгичтиктерин калыптандыруу.* Коюлган максаттарга ылайык студенттердин өз алдынча иштеринин системасы жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу менен өзүн-өзү уюштуруу билгичтиктерин калыптандырууга шарт түзөт. Анткени студент өз алдынча маалымат булактарын издейт, керектүүсүн тандап алат. Алынган материалдарды, иштелип чыккан продуктуларды баалоого мүмкүнчүлүгү артат;
- *Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн жыйынтыгы.* Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун шартында студенттин өз алдынча ишинин жыйынтыгы болуп, компьютер аркылуу иштелип чыккан анимация, модель, автоматташтырылган процесс, компьютердик презентация ж.б. эсептелет.

Бул компоненттер бири-бири менен байланышта, ар биринин ишке ашырылышы калган компоненттердин абалына көз каранды жана алардын иш аракеттерине өз таасирин тийгизет.

Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен студенттин өз алдынча иштерин ийгиликтүү уюштуруу үчүн атайын чөйрөнүн жана педагогикалык каражаттардын түзүлүшү максаттуу деп эсептелет. Тиешелүү каражаттардын өзгөчөлүгүнө, аткарылуучу жумуштардын мазмунуна жараша биздин изилдөөбүздө уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттар аныкталды (1.1 - схема).

**1. Өз алдынча иштин уюштуруучулук шарттары**. Биздин изилдөөбүздө биринчи уюштуруучулук шарт катары жогорку окуу жайларынын Web-технология, локалдык жана глобалдык байланыштар менен камсыз болушу эсептелди. Бул учурда окутуучу компьютердик класстардагы локалдык жана глобалдык байланыштар аркылуу Web-технологиянын кенен мүмкүнчүлүктөрүн студенттердин өз алдынча иштеринде пайдалана алат. Мультимедиа каражаттарын түзүү жана пайдалануу студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун экинчи уюштуруучулук шарты болуп саналат. Жогорку окуу жайларында Web технология, локалдык жана Интернет байланыштар түзүлгөн күндө да, мультимедиалык каражаттар топтолгон күндө да, эгерде мугалим алар менен иш алып барууну өздөштүрбөсө, бул аракеттер текке кетет. Ошондуктан, бул технологияларды колдонууга карата мугалимдин даярдыгы үчүнчү, негиздүү уюштуруучулук шарт болуп эсептелет.




*1.1 -схема. Өз алдынча ишти уюштуруунун педагогикалык шарттары*

**2. Өз алдынча иштин методикалык шарттары**. Эгерде өз алдынча иштин уюштуруучулук шарттары бул ишти аткарууга ыңгайлуу кандай чөйрө түзүлүшү керек жана аларды аткарууда эмнелерди колдонуу деген суроого жооп берсе, методикалык шарттары студент эмнелерди аткаруусу керек жана кантип аткаруусу керек, ага карата мугалим

эмнелерди иштеп чыгуусу керек деген суроого жооп берет. Демек, бул шарттар көбүн эсе мугалимдер тарабынан аткарылуучу иш материалдарды мүнөздөйт. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата керектүү методикалык шарттарынын төмөнкүдөй үч компонетин бөлүп кароо максатка ылайыктуу деп эсептейбиз:

1) билим берүүчүлүк максатта түзүлгөн Web-сайттар; 2) мультимедиалык жана графикалык маалыматтар; 3) электрондук окуу методикалык комплекстер.


**3. Өз алдынча иштин көзөмөлдөөчүлүк шарттары**. Өз алдынча ишти эффективдүү жүзөгө ашыруунун шарттары уюштуруучулук жана методикалык шарттар менен эле чектелип калбайт. Бул шарттардын толук аткарылышы, процесстин уюштурулушу толук көзөмөлгө алынып турулушу зарыл. Өз алдынча ишти пландаштыруудан баштап жыйынтыгын чыгарууга чейинки этаптарды көзөмөлгө алуу – процесстин туура жана ийгиликтүү жүзөгө ашырылышын камсыздайт. Биздин изилдөөбүздө төмөнкүдөй үч шарттын коюлушу максаттуу деп эсептелди: 1) өз алдынча ишти пландаштыруу; 2) талаптар жана критерийлер; 3) отчеттуулук.

**Экинчи бөлүм** «Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу шартында студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу» деп аталып, мында информатика предмети боюнча окуу методикалык Web -түйүндөрүн түзүү жана аларды студенттердин өз алдынча иштеринде колдонуу методикасы иштелип чыкты. Студенттердин өз алдынча иштеринде информатика предмети боюнча электрондук окуу курстарын иштеп чыгуу жана пайдалануу технологиясы берилди.


WEB - технологиясын пайдаланып, окуу методикалык Web сайттарын түзүп чыгууда, маалыматтарды издөөгө, сервердеги маалыматтар базаларын пайдаланууга жана алар менен иштөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Андан сырткары маалыматтык сурамжылоо жана түйүндөрдө сүйлөшүүлөрдү уюштуруу, электрондук почталар, синхрондук телеконференциялар, тестирлөө жана анкеталарды жүргүзүү ж.б. көптөгөн пайдалуу мүмкүнчүлүктөр ачылат. Маселен, атайын иштелип чыккан www.bilim-kg.narod.ru аталыштагы даректе жайгаштырылган «Билим» (2.1-сүрөт) Web сайты аркылуу биз окутуунун жаңы методдорун пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзө алдык.

Өз алдынча иштерге берилген тапшырмаларды, же болбосо лабораториялык-практикалык иштердин берилиштерин түзүлгөн сайттагы дареги боюнча, студенттер каалаган жеринен ачуу мүмкүндүктөрүнө ээ болушат.

Окутуучу электрондук пикир алмашуу жолу аркылуу студенттердин өз алдынча иштеринде пайда болгон суроолорго активдүү катыша алат.



Web сайттын башкы баракчасы.



Интерактивдик байланыш баракчасы.

2.1-сүрөт. «Билим» www.bilim-kg.narod.ru

Иштелип чыккан окуу методикалык Web баракчалары бат-баттан билимдин жаңы маалыматары менен камсыздалып туруусу зарыл. Окутуунун деңгээлдеринин, шарттарынын өзгөрүшүнө  жараша Web баракчаларынын мазмуну, жасалгаланышы,  ссылкалардын топтору дагы жаңыланып турууга тийиш.

Эксперименталдык ишти жогоруда биз аркылуу көрсөтүлгөн педагогикалык шарттардын жана сунуштардын  практикалык түрдө ишке ашышы деп эсептөөгө болот. Эксперимент жүргүзүүнүн максаты жогорку окуу жайларындагы экономикалык жана жаңы маалыматтык технологиялар адистиктеринде информатиканы окутуу боюнча белгиленген педагогикалык шарттарды ишке ашыруу менен бирге өз алдынча иштерде жаңы маалымат технологияларын пайдалануунун эффективдүүлүгүн текшерүү болуп саналат.

Эксперименталдык ишти жүргүзүүдө төмөндөгү милдеттер белгиленген:

1. Студенттердин өз алдынчалуулук дэңгээлдеринин ортосундагы байланыштарды ачуу,  мотивациялык жана уюштуруу белгилерин аныктоо.

2. Экономикалык жана жаңы маалыматтык технологиялар адистиктери боюнча окуган студенттердин өз алдынча иштеринде уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттарды колдонуп эксперимент жүргүзүү.

Студенттердин өз алдынча иштердин жыйынтыктарын мүнөздөөгө жардам бере турган үч негизги критерийди тандап алдык: 1).

Мотивациялык (эркин эмоционалдык критерий); 2). Мазмундуу операциялык критерий; 3). Өзүн-өзү уюштуруучулук критерий.

Мотивациялык (эркин эмоционалдык) критерий өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүндө эркин эмоционалдык күч аракеттерин баалайт.

Мазмундуу операциялык критерий студенттердин иш аракеттерин жана алардын билимдүүлүктөрүн аныктайт. Буга студенттин предметик билимдүүлүгү, теориялык материалдарды практика менен байланыштыруу жөндөмү, логикалык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү жана окуу аракеттерин белгиленген мөөнөттө аткаруусу кирет.

Өзүн-өзү уюштуруучулук критерийи студенттердин өзүн-өзү уюштуруу жөндөмдүүлүктөрүн аныктайт. Мында студенттин пландуу иш аракети, өзүн-өзү баалоо, контролдоо жана өз алдынча ишти аткарууга кеткен убакыты, күч кубаты мүнөздөлөт.

В.П.Беспальконун педагогикалык изилдөөлөрүнө таянуу менен, биз студенттердин өз алдынчалуулуктарынын калыптануусунун төрт деңгээлин бөлүп карадык: 1) Төмөн (калыбына келтирүү) - кандайдыр бир объектини таанууда мурда өтүлгөн материалдарды жана иш аракеттерди экинчи ирээт кайталоодон кийин кабыл алган студенттер. 2) Орто (репродуктивдүү) - мурда аткарылган аракеттерди студенттердин өз алдынча кайталап аткаруу иш аракеттери. 3) Жогору (айрым изденүүчү) - окутуучунун берген көрсөтмө материалдарына таянып жаңы билимдерге ээ болуунун көрүнүктүү аракеттери. 4) Эң жогору (чыгармачылыктуу) - алган билимдерди жана көндүмдөрдү студенттер жаңы кабыл алынган билимдерге өткөрүү жана аны өркүндөтүү.

2005-2008 жылдардын аралыгында өткөрүлгөн педагогикалык эксперимент үч этапта өткөрүлгөн: 1) Аныктоочу эксперимент; 2) Уюштуруучулук эксперимент; 3) Калыптандыруучу эксперимент.

Аныктоочу эксперимент. Эксперименталдык иштин бул бөлүгүндө (2005-ж.) жогорку окуу жайларында жаңы маалыматтык технологиялардын камсыздалышы, алардын окутуу процессинде пайдаланылыш деңгээли, электрондук окуу пособияларынын жана электрондук окуу курстарынын колдонулушу иликтөөгө алынды. Мындан тышкары, жогорку окуу жайларында өз алдынча ишти уюштуруунун абалы, түзүлгөн шарттары, аларды уюштурууда жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун абалы боюнча байкоолор, анкеталык сурамжылоолор, пикир алмашуулар уюштурулду.

Уюштуруучулук эксперименталдык изилдөөдө (2005-ж.) контролдук жана эксперименталдык группаларды тактоо, студенттердин өз алдынча иштерин алып барууга карата даярдалган методикалык материалдардын мазмундарын аныктоо иштери жүргүзүлдү. Ошону менен бирге эле экспериментке тартылган окуу жайларында уюштуруучулук шарттарды

ылайыктоо, толуктоо маселелери каралды. Бул иликтөөдө жаңы маалыматтык технологиялардын колдонулушун максатка ылайык келтирүү, интернетке кошулуу шарттарын тактоо, локалдык байланыш системаларын түзүү ж.б.у.с. иштер жүргүзүлгөн.

Калыптандыруучу эксперимент мазмуну боюнча салыштырмалуу анализ жүргүзүүгө багытталып, студенттердин өз алдынчалуулугунун деңгээлдери педагогикалык эксперименттин башталышында (диагностикалык түрдө текшерүү); эксперименталдык иштин жүрүшүндө (аралык ортосундагы текшерүүлөр); эксперименталдык иштин аяктоо этабында (жыйынтыктоочу текшерүү) мезгил-мезгили менен бааланып турду.

Бардык эксперименталдык иштерге К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетиндеги, Ж.Баласагын атындагы улуттук университетиндеги, Нарын мамлекеттик университетиндеги «каржы жана күрөө», «бухгалтердик эсеп жана аудит», «маркетинг», «прикладдык информатиканын областтары боюнча *(экономика жана менеджмент)»,* «информатика» адистиктеринин биринчи курсундагы 306 студент тартылды.

Калыптандыруучу эксперимент өзү эки этапты камтуу менен ишке ашырылды. Биринчи этапта (2006-2007-окуу жылы) студенттердин өз алдынчалуулугун калыптандырууда методикалык шарттардын тийгизүүчү эффективдүү таасирин текшерүүгө карата эксперименталдык жана контролдук группалар түзүлгөн. Жогоруда келтирилген методикалык шарттардын ичинен студенттердин өз алдынча иштерди аткаруусунда билим берүүчүлүк максатта даярдалган Web сайттарды колдонуу, гипертексттик структуралуу форматтагы, бутактанган түрдөгү маалыматтарды берүүнү көздөгөн биринчи шартты текшерүү максатында Ж.Баласагын атындагы улуттук университеттин маалыматтык коммуникациялык технологиялар институнун биринчи курсунун студенттери тартылып, эксперименталдык Э1 группасы түзүлдү. Методикалык экинчи шартты текшерүү үчүн К.И.Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин инновациялык технологиялар факультетинин биринчи курсунун студенттери тартылды. Мында Э2 эксперименталдык группасы түзүлүп, мында окуу материалдарын чагылдыруудагы мультимедиалык, тексттик жана графикалык формалар оптималдык түрдө айкалыштырып колдонуу шарттары текшерилген. Электрондук окуу методикалык комплекстерди колдонуунун эффективдүүлүгү Нарын мамлекеттик университетинин маалыматтык технологиялар, экономика жана башкаруу факультетинин биринчи курсунун студенттери катышкан эксперименталдык Э3 группасында текшерилди. Эксперименттин натыйжасын салыштыруу үчүн жогоруда

аталган жогорку окуу жайлардын ар биринде контролдук группалар (К1, К2, К3) түзүлдү. Контролдук группаларда студенттердин өз алдынча иштерди алып баруу ыкмалары традициялык негизде өткөрүлгөн.

Эксперименттин биринчи этабында студенттердин саны контролдук группалар жалпысынан 88 адамды, ал эми эксперименталдык группалар 81 адамды түздү. Эксперименталдык иштин жыйынтыктары методикалык шарттарды баалоого жана текшерүүгө мүмкүнчүлүк берди.

**Таблица 2.1- студенттердин билимдерин баалоо жана өз алдынчалык көрсөткүч деңгээлдерин эсептөө матрицасы**

| № | ФИО | Студенттин жеке номери | Дигностикалык текшерүү | | | | Мезгил аралык текшерүү | | | | Жыйынтыктоочу текшерүү | | | | Орточо көрсөткүчү | | | | Айырмасы | | | | $\alpha_{орт}$ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | $\alpha_1$ | $\alpha_2$ | $\alpha_3$ | $\alpha_4$ | $\alpha_1$ | $\alpha_2$ | $\alpha_3$ | $\alpha_4$ | $\alpha_1$ | $\alpha_2$ | $\alpha_3$ | $\alpha_4$ | $\alpha_1$ | $\alpha_2$ | $\alpha_3$ | $\alpha_4$ | $\alpha_1$ | $\alpha_2$ | $\alpha_3$ | $\alpha_4$ | |
| | | | М | МО | | ӨӨУ | М | МО | | ӨӨУ | М | МО | | ӨӨУ | М | МО | | ӨӨУ | М | МО | | ӨӨУ | |
| | | | мотивация | билим | билгичтик | өзүн-өзү уюштуруу | мотивация | билим | билгичтик | өзүн-өзү уюштуруу | мотивация | билим | билгичтик | өзүн-өзү уюштуруу | мотивация | билим | билгичтик | өзүн-өзү уюштуруу | мотивация | билим | билгичтик | өзүн-өзү уюштуруу | |
| 1 | Абдраев Т.М | | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 4 | 2 | 2 | 3 | 2,7 | 2 | 1,7 | 1,67 | 0,7 | 0 | 0,7 | 0,67 | 47 % |
| 2 | Абдуманова Ж | | 4 | 3 | 2 | 2 | 4 | 3 | 3 | 3 | 4 | 4 | 4 | 3 | 4 | 3,3 | 3 | 2,67 | 0 | 0,3 | 1 | 0,67 | 78 % |
| 3 | Осмонова Ж | | 3 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 3 | 1 | 4 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2,3 | 2,7 | 1,67 | 0 | 1,3 | 1,7 | 0,67 | 57 % |
| 4 | Бекманбетов Б | | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 | 3 | 2 | 2 | 2,3 | 2 | 1,3 | 1,33 | 0,3 | 0 | 0,3 | 0,33 | 41 % |
| 5 | Улуков А | | 2 | 1 | 1 | 0 | 3 | 2 | 1 | 0 | 4 | 3 | 2 | 3 | 3 | 2 | 1,3 | 1 | 1 | 1 | 0,3 | 1 | 40 % |

Ар бир деңгээл жогоруда келтирилген мазмундуу операциялык, мотивациялык жана өзүн-өзү уюштуруучулук критерийлери боюнча бааланып турду. Группанын өз алдынчалуулугунун орто көрсөткүч деңгээлин аныктоодо биз В.П.Симоновдун жана С.К.Калдыбаевдин изилдөөлөрүнө таяндык:

$$\alpha_{\text{орт.}} = \frac{16\cdot\alpha_1 + 20\cdot\alpha_2 + 28\cdot\alpha_3 + 36\cdot\alpha_4}{N}, \qquad (1)$$


*Мында (*$\alpha_1$, $\alpha_2$, $\alpha_3$, $\alpha_4$*)* – өз алдынчалуулук (калыбына келтирүү, репродуктивдүү, айрым изденүү, чыгармачылык) деңгээлдеринин көрсөткүчтөрү, ал эми N – группадагы студенттердин саны.

Калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыктары информатика предмети боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсүндө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу эффективдүү натыйжа берерин тастыктады.

Эксперименттин экинчи этабында (2007-2008-окуу жылы) изилдөөбүздүн логикасына таянып, биз, белгиленген методикалык шарттардын студенттердин өз алдынчалуулугуна комплекстүү түрдө тийгизүүчү таасирин текшердик. Информатика предмети боюнча


экспериментaлдык группaлaрдaгы студенттердин өз aлдынчa иштерди aткaруусундa Web технологиянын компоненттери, билим берүүчүлүк сaйттaры, электрондук окуу китептери комплекстүү түрдө колдонулгaн. Ошону менен кaтaр, студенттердин өз aлдынчa иштерди aткaруусундa жеңилден орду кaрaй жaйгaшкaн тaпшырмaлaр сунуштaлып, гипертекстти колдонуу тaлaптaры коюлгaн. Эксперименттик группaнын жыйынтыктaрынын эффективдүүлүгүн сaлыштыруу үчүн контролдук группa түзүлгөн.

Эксперименттин экинчи этaбындa контролдук группaдa (К4) 69 aдaм, экспериментaлдык группaдa (Э4) 68 aдaм кaтышкaн. Эксперименттин бaрдык этaбынa 7 окутуучу тaртылгaн. Эксперименттин жүрүшүндөгү бaштaпкы, мезгил aрaлык жaнa контролдук текшерүүлордүн жыйынтыктaры төмөндөгү диaгрaммaлaрдa чaгылдырылды.





| | α1 | α2 | α3 | α4 | α-орт. |
|---|---|---|---|---|---|
| К4 | 41% | 30% | 16% | 13% | 22% |
| Э4 | 44% | 35% | 9% | 12% | 21% |

*2.2-сүрөт. Студенттердин өз aлдынчaлуулук деңгээлдеринин бaштaпкы aбaлынын диaгрaммaсы*




| | α1 | α2 | α3 | α4 | α-орт. |
|---|---|---|---|---|---|
| К4 | 22% | 30% | 33% | 15% | 24% |
| Э4 | 12% | 37% | 32% | 19% | 25% |

*2.3-сүрөт. Студенттердин өз aлдынчaлуулук деңгээлдерин мезгил aрaлык текшерүүнүн диaгрaммaсы*




*2.4-сүрөт. Студенттердин өз алдынчалуулук деңгээлдерин контролдук текшерүүнүн диаграммасы*

Эксперименттин экинчи этабынын жыйынтыктарын анализдөөдө студенттердин өз алдынчалуулук денгээлдеринде эксперименталдык жана контролдук группаларына оң жылыш болгондугун белгилей кетүү керек. Бул студенттердин өз алдынча иштеринин традициялык системасынын чегинде профессионалдык билимдердин топтолуусунан жана алардын уюштуруу тажрыйбаларынан студенттердин өз алдынчалуулугунун өнүгүүсү жүрөрүн билдирет.

Бирок студенттердин өз алдынчалуулугунун өнүгүүсүнө көмөк берген, эксперименттин биринчи этабында атайын шарттар киргизилген эксперименталдык группаларга салыштырмалуу бул процесс анчалык тез жүрбөй тургандыгын байкадык. Эксперименттин экинчи этабындагы баштапкы диагностикалык текшерүүнүн жыйынтыгы К4 контролдук группасында өз алдынчалуулуктун орточо деңгээлиндеги студенттердин саны 22% түзсө, мезгил аралык текшерүүдө 24% ти түзүп 2% ке өскөн, аяктоочу текшерүүдө контролдук группада баштапкы дигностикалык текшерүүдөгү жыйынтык менен салыштырганда 4% ке өскөндүгү байкалган. Ал эми Э4 эксперименталдык группасынын баштапкы диагностикалык текшерүүдөгү орточо жыйынтык 21% түзгөн болсо, мезгил аралык текшерүүдө 25% ти түзүп 4% өсүш байкалган. Ал эми аяктоочу текшерүүдө 28% түзүп төмөнкү деңгээлден эң жогорку денгээлге 7% ке көтөрүлгөн.

Эксперименталдык жыйынтыктарды текшерүүдө студенттердин өз алдынчалуулук $\alpha_1$ – төмөн (калыбына келтирүүчү); $\alpha_2$ – орто (репродуктивдүү); $\alpha_3$ – жакшы (айрым изденүүчү); $\alpha_4$ – эң жакшы (чыгармачылыктуу) деңгээлдерин аныктай турган тесттик тапшырмалардын суроолору даярдалган.

Мындан тышкары, студенттин өз алдынчалуугун текшерүүдө, аны менен аңгемелешүү, өз алдынча тапшырмаларды аткарууда анын ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү (студенттин электрондук дарек боюнча жана аудиториядан окутуучуга консультация менен кайрылуусу), өз алдынча иштерди тапшыруудагы жасаган отчеттору (презентация, доклад ж.б.), студенттерден анкета алуу, оозеки сураштыруу методдору колдонулду. Ушулардын бардыгын эске алуу менен студенттердин өз алдынчалуулугу жөнүндө жыйынтык чыгарылды.

Ушундан улам биз, эксперименталдык изилдөөдө, өз алдынчалуулуктун эффективдүү өнүгүүсүнүн педагогикалык шарттарын түзүү жана аларды окутуу процессинде максаттуу түрдө пайдалануу оң натыйжа берери тууралуу илимий жана далилдүү жыйынтыкка ээ болдук. Демек, мындай комплекстүү шарттарды түзүү жана ишке ашыруу студенттердин өз алдынча иштеринде коюлган максаттарга жетүүгө көмөк көрсөтөт жана алардын өз алдынчалуулук сапаттарын калыптандырат жана өнүктүрөт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

1. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун азыркы абалы бүгүнкү күндүн талабына жооп бербейт жана бул проблема анын жаңыча жол – жоболорун изилдөөгө муктаж. Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологиялардын дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга шарттар түзүлүүсү керек, анткени билимдердин ар кандай жаңы маалыматтары менен студенттерди камсыз кылуу жана алардын өз алдынча ой жүгүртүүлөрүн жогорулатуу билим берүүнүн маанилүү маселелеринен болуп саналат. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруудагы жаңы маалыматтык технологиялардын ролун жана ордун белгилөө алардын окуу процессиндеги дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоодон келип чыгат. Өз алдынча иштерде жаңы маалыматтык технологияларды пайдалануу студенттерге жаңы билимдерди алуу үчүн ар кандай малымат булактарын издөөгө, алардын таанып билүү ишмердүүлүктөрүн, чыгармачылыктарын, өз алдынчалуулуктарын жана көндүмдөрүн калыптандырууга жана өркүндөтүүгө жол ачат.

2. Жогорку окуу жайдын окутуучуларын маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга үйрөтүү негизги маселе деп эсептөө зарыл.

Жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен студенттин өз алдынча иштерин ийгиликтүү уюштуруу үчүн атайын чөйрөнүн жана педагогикалык каражаттардын түзүлүшү максаттуу деп эсептөөгө болот.

Тиешелүү каражаттардын өзгөчөлүгүнө, аткарылуу жумуштардын мазмунуна жараша биздин изилдөөбүздө педагогикалык шарттардын уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк компоненттери аныкталды.

3. Студенттердин өз алдынча иштерин өркүндөтүүдө, уюштурууда Web-технологияны колдонуу окутуучулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөт. Web-технологиянын жардамында мугалим билим берүүчүлүк максаттагы сайттарды, порталдарды, силабустарды иштеп чыгып студенттерге сунуштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Андан сырткары окутуучулар студенттердин өз алдынча иштерине карата интернеттеги маалымат булактарына ссылкалардын топторун түзүп (Web-квесттерди) аларга жардамчы баракчаларды даярдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

4. Жаңы маалыматтык технологиялардын жогорудагы мүмкүнчүлүктөрү информатика предмети боюнча электрондук окуу каражаттарын жана окуу билим берүүчүлүк максаттагы Web сайтты иштеп чыгууга мүмкүндүк түздү. Иштелип чыккан электрондук окуу каражаттарды студенттердин өз алдынча иштеринде колдонуунун технологиясы түзүлдү.

5. Биз сунуштаган студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары, Web-технологияны пайдалануу методикасы, электрондук окуу курстарын иштеп чыгуу жана аларды пайдалануу технологияларын эксперименталдык түрдө текшерүүлөр, алардын өз алдынчалуулук сапаттарынын калыптанышына көмөк берерин тастыктады.

Изилдөөбүздөн алынган жыйынтыктар каралып жаткан проблеманы толугу менен чече алды деп айта албайбыз. Топтолгон теориялык жана фактылык материалдар дагы тереңирээк изилдөөнү талап кылат. Маселен, башка дисциплиналар боюнча студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун эффективдүү жолдорун иликтөө, өз алдынча иште жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин бул изилдөөнүн уландысы катары кароого болот.

## Диссертациянын негизги мазмуну жана жыйынтыктары автордун төмөндөгү эмгектеринде жарыяланды:

### Окуу методикалык колдонмолор:

1. Ибраев, А.Д. Методическое пособие к лабораторным занятиям для студентов [Текст] / [А.Д. Ибраев, М.У. Умарова, Р.Т. Табышов и др.] / – Бишкек: «Текник», 2007. – 24 с.

2. Ибраев, А.Д. Методическое руководство к лабораторным

занятиям по дисциплине «Основы программирования» [Текст] / А.Д. Ибраев, М.К. Семетов, К.Ж. Джакыпбеков. – Бишкек, 2008. – Ч. I. – 20 с.

3. Ибраев, А.Д. Методическое руководство к лабораторным занятиям по дисциплине «Основы программирования» [Текст] / А.Д. Ибраев, М.К. Семетов, К.Ж. Джакыпбеков. – Бишкек, 2008. – Ч. II. – 25 с.

**Макалалар:**

4. Ибраев, А.Д. Жогорку окуу жайларында информатика предмети боюнча электрондук окутуу каражаттарын практикалык сабакта колдонуу ыкмалары [Текст] / А.Д. Ибраев. // Вестник КАУ им. К.И. Скрябина. – 2005. – №1 (4). – С. 195-197.

5. Ибраев, А.Д. Студенттердин өз алдынча ишмердүүлүк системасында Кыргызстандын жогорку окуу жайларындагы жаңы маалыматтык жана Web технологияны колдонуу абалы [Текст] / А.Д. Ибраев, М.К. Семетов. // Вестник КАУ им К.И. Скрябина. – 2007. –№1 (7). – С. 394-397.

6. Ибраев, А.Д. Применение современных средств для оптимизации самостоятельной работы студентов [Текст] / А.Д. Ибраев. // Сб. материал. межд. науч. - практ. конф. – Астана, 2007. – С. 133-135.

7. Ибраев, А.Д. Жаңы маалыматтык технологияларын пайдалануу шартында электрондук окуу каражаттарын иштеп чыгуу жана пайдалануу технологиясы [Текст] / А.Д. Ибраев. // Вестник КАУ им К.И. Скрябина. – 2008. – №1 (9) . – С.375-377.

8. Ибраев, А.Д. Современные концепции профессионального образования [Текст] / А.Д. Ибраев, Б. Рысалиева. // Вестник БГУ им. К.Карасаева. – 2008. – №3 (12). – С. 25-26.

9. Ибраев, А.Д. Жаңы маалымат технологияларын колдонуу менен студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун дидактикалык негиздери [Текст] / А.Д. Ибраев, Н.С. Абдулдаева, Н.Ж. Сейталиева. // Вестник КАУ им. К.И.Скрябина. – 2009 . – №3 (14). – С.78-80.

10. Ибраев, А.Д. Электрондук окутуу программаларын иштеп чыгуу менен студенттердин таанып билүү ишмердүүлүктөрүн активдештирүү [Текст] / А.Д. Ибраев, Н.С. Абдулдаева, М.Н. Иргебаева. // Вестник КАУ им. К.И.Скрябина. – 2009. – №3 (14). – С.74-75.

11. Ибраев, А.Д. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда жаңы маалыматтык коммуникациялык технологиялардын ролу [Текст] / А.Д. Ибраев. // Социальные и гуманитарные науки. – 2009. – № 5-6. – С.226-228.

12. Ибраев, А.Д. Билим берүүдө компьютердик жана телекоммуникациялык технологияларды колдонуунун өнүгүүсү [Текст] / А.Д. Ибраев. // Социальные и гуманитарные науки. – 2009. – №5-6. –

С.229-231.

13. Ибраев, А.Д. Кыргызстандын айрым жогорку окуу жайларындагы студенттердин өз алдынча иштеринин жүрүшүндө жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун абалы [Текст] / А.Д. Ибраев. // Известия Вузов. – 2009. – №7. – С. 277-279.

14. Ибраев, А.Д. Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун уюштуруучулук – педагогикалык шарттары [Текст] / А.Д. Ибраев, С.К. Калдыбаев. // Наука и новые технологии. - 2010. – №1. – С. 292-295.

15. Ибраев, А.Д. Отрицательно влияющие факторы для успешной организации самостоятельной работы студентов [Текст] / А.Д. Ибраев. // Поиск. – Алматы, 2010. – №4 (1). – С. 281-285.

**Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин** «Жаңы маалыматтык технологиялрды колдонуу шартында студенттердин өз алдынча иштерин өркүндөтүүнүн дидактикалык негиздери» (информатика пердметинин мисалында) аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө


**РЕЗЮМЕ**

**Негизги сөздөр:** маалыматтык технология, гипертекст, web-баракча, электрондук китеп, компьютер, окуу-билим берүүчүлүк web-сайт, критерий, өз алдынчалык, сапат.

**Изилдөөнүн объектиси.** Жогорку окуу жайында окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети.** Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун дидактикалык негиздери.

**Изилдөөнүн максаты.** Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияны пайдаланууну теориялык жактан негиздөө жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык түрдө текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:**

- студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруудагы жаңы маалыматтык технологиялардын ээлеген орду жана ролу такталды;
- студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды эффективдүү түрдө колдонуунун уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттары аныкталды;
- студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата талаптар жана өз алдынча иштин натыйжалуугун баалоого карата критерийлер иштелип чыкты;
- информатика предмети боюнча студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуунун методикасы жана аларды түзүүнүн технологиясы иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Студенттердин өз алдынча иштеринде жаңы маалыматтык технологияларды (Web технология, электрондук окуу комплекстери) түзүүнүн жана колдонуунун методикасы, иштелип чыккан жумушчу программалар окуу процесинин эффективдүүлүгүн арттырууга, студенттердин өз алдынчалуулугун калыптандырууга мүмкүндүк түзөт. Автор тарабынан иштелип чыккан информатика боюнча электрондук окуу комплекс жана билим берүү сайты окуу процессинде ийгиликтүү пайдаланылууда. Изилдөөдө аныкталган уюштуруучулук, методикалык жана көзөмөлдөөчүлүк шарттар студенттерге сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк түзөт.

# РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования **Ибраева Алмазбека Дүйшөковича** по специальности 13.00.01- общая педагогика, история педагогики и образования на соискание ученой степени кандидата педагогических наук на тему: «Дидактические основы совершенствования самостоятельной работы студентов в условиях применения новых информационных технологий» (на примере предмета информатики)

**Ключевые слова:** информационная технология, гипертекст, web-страница, электронный учебник, компьютер, учебно-образовательный web-сайт, информатика, критерий, самостоятельность, качество.

**Объект исследования.** Процесс обучения в высшем учебном заведении.

**Предмет исследования.** Дидактические основы применения новых информационных технологий в организации самостоятельной работы студентов.

**Цель исследования.** Теоретическое обоснование применения новых информационных технологий в самостоятельной работе студентов и экспериментальная проверка его эффективности.

**Научная новизна и теоретическая значимость исследования** состоит в том, что:

- уточнена роль и место новых информационных технологий в организации самостоятельной работы студентов.
- определены организационные, методические и контролирующие условия для эффективного применения новых информационных технологий в организации самостоятельной работы студентов.
- разработаны требования и критерии для оценки эффективности организации самостоятельной работы студентов.
- разработана методика применения новых информационных технологий в самостоятельной работе студентов по информатике и технология ее создания.

**Практическая значимость исследования** заключается в том, что разработанные рабочие программы, методика применения новых информационных технологий (Web-технологий, электронно-учебные комплексы) в самостоятельной работе студентов позволяет повысить эффективность учебного процесса, формировать самостоятельность студентов. Разработанные автором электронные учебные комплексы и образовательный сайт по информатике успешно используются в учебном процессе. Определенные в исследовании организационные, методические и контролирующие условия позволяют студентам получать качественное образование.

**RESUME**

for dissertational research of **Ibraev Almazbek Dyshekovich** on a theme: "Didactic bases of development students' independent-works on conditions application using of new information technology" (on a computer science example) on competition of candidate's scientific degree of pedagogical sciences on the specialty 13.00.01-the general pedagogy

**Key words:** information technology, the hypertext, web-page, the electronic textbook, the computer, an educational web-site, a computer science, criterion, independence, quality.

**The object of research** is the students' independent work in institution of higher education.

**The subject of research.** The didactical basics of using new information technologies in organization of student's independent work.

**The aim of research:** is theoretical substantiation of using new information technologies in the students' independent works and experimental checking its efficiency.

**Scientific novelty and the theoretical importance of research** concludes the following:

- clarification of role and a place of new information technologies in the organizations of students' independent works are proved;
- organizational, methodical and supervising conditions for effective using new information technologies in students' works are defined;
- requirements in the organization of independent works of students and criteria in estimations of efficiency of independent works are developed.
- Methodology of using new information technology in students' independent work on computer science and technology of its creation are developed.

**The practical importance concludes:** developed working programs, methodology of using new information technologies (Web-technology, electronic educational complexes) in students' independent works allow to increase the efficiency of educational process and form self-reliance of students.

Author's worked out electronic educational complexes and educational site in computer science are successfully used in the educational process. Appointed in research organizational, methodological and supervising conditions allow students to get qualitative education.

Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Офсет кагазы. Көлөмү 1,75 басма табак.
Нускасы 100 даана

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды. Бишкек ш., Медеров көч., 68